| | | | |
|---|---|---|---|
| | адамдардын/түзүмдөрдүн болушу | көзөмөлдөйт. Ошондой эле кызматтык милдеттерине ылайык окуу бөлүмүнүн башчысынын иш-аракеттери билим сапатын камсыздоо боюнча пландаштырылган. Ар жылы окуу жылынын башында мектепти ички көзөмөлдөө боюнча график даярдалып, билим берүүнүн сапаты текшерилет. Жыйынтыгы директор алдындагы Кенешмеде, педагогикалык Кенешмеде, өндүрүштүк чогулуштарда каралып, чыгарылат.<br>**Мектептин педагогикалык кеңеши;**<br>-Мектептин ББ системасын өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттарын аныктоого жардамдашат;<br>-Мектептин билим сапатын баалоо системасынын негизги пайдалануучуларынын маалыматтык талаптарын калыптандырууга катышат;<br>-Мектептин ББ системасын өнүгүү динамикасын жана абалын мүнөздөгөн көрсөткүчтөрдү талкулоого катышат;<br>-Мектептин окуу процессиндеги билим сапатынын жыйынтыгын чыгаруу үчүн экспертиза жүргүзүүгө катышат, мектептин локалдык актыларынын негизинде аларга стимулдук төлөмдөрдү бөлүштүрүүгө катышат;<br>-Мектеп кызматкерлеринин эмгектеринин сапатын жана натыйжалуугун баалоого катышат;<br>-Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана алардын чыгармачылыгын өркүндөтүү иштерин уюштурууга жардам берет;<br>-Өсүп келе жаткан муундун окуу-тарбия маселеси боюнча педагогикалык кызматкерлердин отчетторун, маалыматтарын жана мектеп менен биргеликте иштеген уюмдар менен мекемелердин өкүлдөрүнүн докладдарын угушат;<br>-Окуу жылынын жыйынтыгы боюнча чейрек аралык аттестациянын тизмесине кирүү окуу предметтери боюнча чечим кабыл алат.<br>**3.3. Мектептин усулдук Кенеши:**<br>-Билим берүү сапатын баалоонун усулун иштеп чыгат, мектепти өнүктүрүүнүн динамикасын жана абалын мүнөздөгөн көрсөткүчтөрдүн | чечимдери, усулдук кеңештин иш пландары,<br>Мониторинг жүргүзүү жана мезгили менен баалоо үчүн жооптуу адамдарды аныктоо приказы (№11тиркеме)<br>мониторинг жөнүндө жобо (12-тиркеме)<br>“Усулдук бирикме жөнүндө” жобо |